## 3-секция. Педагогика жана психология

**УДК 159.922.7**

***Найманбаев М.Ж. -*** *п.и.к., доцент,* ***Рамашова Ы.А. -*** *п.и.к., доцент,*
***Төрөева К.О. -*** *улук окутуучу,* ***Чоюнова А.Т. –*** *доцент*

# *Мектепке чейинки курагындагы балдарды мектепке даярдоонун психологиялык өзгөчөлүктөрү.*

Мектепке чейинки курагында социалдашуу процесси башталып, жашоо-тиричиликтин негизги багыттары: адамдар, табият, предметтик дүйнө менен баланын байланышы калыптана баштайт.

Мектепке чейинки курагында балдардын таанып билүүсү эмоционалдык-практикалык жол аркылуу жүрөт. Баланын ишмердүүлүгү толугураак жана артараптан болсо, анын өнүгүүсү натыйжалуу жүрөт. Мектепке чейинки курагында ырлар, ролдук-сюжеттик оюндар, макал-лакаптар, табышмактар, обондуу ырлар балдарга ырахат тартуулап көңүлүн көтөрөт. Оюн процессинде баланын жөндөмдүүлүктөрү өнүгөт, көндүмдөрү калыптанат. Мектепке чейинки курагында балдарды тарбиялоодо алардын психологиялык өзгөчөлүктөрүн, мүмкүнчүлүктөрүн жана каалоолорун эске алуу керек. Алар үчүн күчтүүрөөк мотив-сыйлоо болуп саналат. Мектепке чейинки курагында балдардын психо-эмоционалдык сферасын эске алуу менен анын ийгилигине педагог чын дилден кубанып, өзүнүн эмоциясын билдирүүгө аракеттенүү зарыл. Бул куракта балдар мактаганды абдан жакшы көрүшөт. Ошондуктан аларды мактоо жакшы аракеттерди жасоого түрткү берет.

Мектепке чейинки курагында балдарды мектептеги окууга психологиялык жактан даярдоодо алардын таануу процесстеринин өнүгүү өзгөчөлүктөрүн эске алуу керек. Бул куракта көңүл буруунун эрксиз түрү, ойлоонун көргөзмө-образдуу түрү жакшы өнүгөт. Ошондуктан балдар турмуштук кырдаалды (жагдайларды) көргөзмө-аракет, көргөзмө-образ аркылуу чечишет. Алардын эске тутуусун өнүктөрүүдө ар кандай көргөзмө куралдарды колдонуу зарыл. М., сөздөр жазылган карточкалар, сандар, ар түрдүү белгилер ж.б. Балдар кызыктуу предметтерге көбүрөөк көңүл бурушат. Ошондуктан аларды мектепке даярдоодо ар түрдүү көргөзмө куралдарды колдонуу максатка ылайыктуу. Бул биринчиден, балдардын активдүү көңүл буруусун жогорулатат. Экинчиден, алардын жеңил эске сактоосуна да мүмкүнчүлүктү жаратат.

Азыркы мезгилде балдарды мектепке даярдоо негизги проблемалардын бири болуп эсептелет. Себеби көп балдар мектепке психологиялык даярдыксыз келишкендиктен көптөгөн жетишпестиктер, кыйынчылыктар кездешүүдө. Окууга даяр эмес окуучуларды мектепке тартуу окуу процессине гана тескери таасирин тийгизбестен, алардын физикалык, психикалык калыптанууларына да өз таасирин тийгизет. Бала канчалык мектепке психологиялык жактан даяр болсо, мектеп шартына, тартибине, тез адаптацияланып, окууну өз деңгээлинде алып кетүүгө мүмкүнчүлүгү жетет жана мугалим менен да, теңтуштары менен да оңой, жакшы мамиле түзүп, эффективдүү контакт болуп сиңишүүгө негиз түзүлөт. Ушуга байланыштуу өлкөбүздө 240 саат көлөмүндө мектепке чейинки курагындагы балдарды мектептеги окууга даярдоо былтыркы жылдан баштап жүргүзүлө баштады.

Психология илиминде мектепке чейинки курагындагы балдарда инсандык (личносттук) касиеттердин калыптануу башаты жата турганы аныкталган. Инсандык касиеттердин калыптануусу алардын эрктик-эмоционалдык касиеттерине жараша болот. Акыл жана

эмоционалдык сезим менен бирдикте эрк жөндөмдүүлүгү да калыптанып, алардын турмушунда жетектөөчү кызматты аткарат. Бала акырындап адеп-ахлактык нормаларды, жүрүм-турум эрежелерин биле баштайт жана аны тигил же бул шартта колдонууга аракеттенет.

Окумуштуу психолог З.М. Истомина мектепке чейинки курагындагы балдардын эсинин эрктүү эске тутуусун изилдеп, төмөндөгүдөй жыйынтыктарга келген:

1. 3-4 жаштагы балдардын эске сактоосу, кайта эске түшүрүүсү эрксиз болот.
2. 6-7 жаштардагы балдарда материалды эске түшүрүүсү, эске сактоосу акырындап эрксизден эрктүүгө өтө баштайт.
3. 5-6 жаштагы балдардын иш-аракетинде бир нерсени аң-сезимдүүү эске тутуу же эске түшүрүү үчүн биринчи атайын перцептивдик аракеттерди колдонгону байкалат. Көп кайталоо негизги орунду ээлейт.
4. Мектепке чейинки курактын акырында (6-7 жаш) эрктүү эске сактоо процесси толук калыптанды десек болот. Бала эске тутуу үчүн материалдагы логикалык байланыштарды колдонууга аракеттене баштайт.

Мектепке чейинки курагындагы балдарды окууга психологиялык даярдоодо алардын кебинин өнүгүшүнө, кызыгууларына жана жөндөмдүүлүгүнө да көңүл буруу зарыл болуп эсептелет. Кептин өнүгүшү алардын коммуникативдик жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрөт. Ошондой эле алардын оюн иш-аракетине маани берүү керек. Себеби Б.Д. Эльконгиндин белгилөөсү боюнча мектепке чейинки курагындагы балдардын негизги иш-аракети – ролдук-сюжеттик оюндар болуп эсептелет. Оюн алардын турмушунда жетектөөчү ролду аткарат. Ролдук өнүктүрүүчү оюндар алардын жөндөмдүүлүктөрүн калыптандыруу менен ар түрдүү касиеттерин өнүктүрөт.

Оюнда бала жөн гана убакыт өткөрбөстөн, окуу ишине даярдануусуна да өбөлгө түзөт. Оюн процессинде баланын иш-аракети чагылат, социалдык мамилелер көрүнөт. Оюнда баланы курчап турган чөйрөдөгү адамдар менен болгон мамилеси, тигил же бул аракеттеги орду, керектөөсү такталат. Оюн иш-аракетинде баланын интеллектуалдык мүмкүнчүлүгү жогорулоо менен тиешелүү тажрыйбага ээ болот. Алардын эрктүү көңүл буруусунун, эсинин, ойлоосунун жана элестетүүсүнүн өрчүүсүнө өбөлгө түзүлөт. Оюн балдардык кебинин өнүгүшүнө да негиз түзөт. Кыймылдуу оюндар балдардын эркин, адептүүлүгүн, көндүмдөрүн, кыймыл-аракеттерин өнүктүрүү менен ден-соолуктарын да чыңдоого мүмкүнчүлүк жаратат.

Мектепке чейинки курагындагы балдардын окууга даярдыгын өнүктүрүүдө турмуштук ар кандай жагдайлар, жаратылыш койнунда болуу да өз таасирин тийгизет. Образ аркылуу ойлоо жакшырат. Алардын ойлоосу тышкы таасирлерге гана байланыштуу жүрөт.

Окумуштуу Л.С. Выготский жазган илимий эмгектеринде балдарды окууга, жазууга сүрөт тартууга үйрөтүүнү мектепке чейинки куракта жүргүзүүнү, муну мектепке чейинки тарбия берүүчү мекемелердин негизги милдетине айландыруу керек экендигин белгилеген.

Мектепке чейинки курагындагы балада канчалык ык, машыгуу, көндүмдөрү жакшы калыптанып, турмуштук тажрыйбаларга натыйжалуу ээ болушса, алардын мектептеги окуусу ийгиликтүү жүрүп, окуу процессине тез адаптацияланат. Алардын акыл иш-аракети сапаттуу калыптанып, физиологиялык жана психологиялык адаптация тез, натыйжалуу жүрөт. Акылмандар айткандай, ким бала жана анын өнүгүүсү жөнүндө ойлонсо, ал өзүнүн келечеги жөнүндө ойлонот.

Ошондуктан, бүгүнкү күндө маалыматтар тездик менен өнүгүп жаткан заманда балдарды психологиялык жактан даярдоо өзгөчө зарыл маселелерден болуп калууда.

***Адабияттар***

1. *Г.С. Абрамова.* Возрастная психология .-М., 1998
2. *В.С.Мухина.* Возрастная психология .-М., 2000
3. Руководство практического психолог / Под ред. И.В.Дубровиной.- М.,1998